Финансирование и инвестиции. Недостаток долгосрочного и доступного финансирования является ещё одним барьером, не все фермеры имеют доступ к кредитам на приемлемых условиях. Высокие процентные ставки и короткие сроки кредитования не стимулируют инвестиции в модернизацию производства, внедрение технологий и развитие переработки. В результате уровень механизации остаётся низким. Многие фермеры используют старые комбайны и ручной труд, что снижает урожайность и качество продукции. Например, фермерские хозяйства в Иссык-Кульской области теряют до 15-20% урожая яблок из-за ручного сбора и отсутствия сортировочных линий, что напрямую влияет на объёмы поставок и конкурентоспособность на внешних рынках.

Регуляторные и внешнеполитические барьеры также ограничивают рост экспорта. Таможенные пошлины, фитосанитарные проверки и бюрократические процедуры создают дополнительные задержки. Например, при поставках фасоли в Турцию и яблок в Россию каждая партия проходит строгую инспекцию и сертификацию, что увеличивает срок поставки на 7-10 дней и влияет на сохранность продукции. Все эти факторы совместно формируют комплекс ограничений, который мешает агросектору Кыргызстана превратиться в полноценный экспортный драйвер экономики.

## КЛЮЧЕВЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ ДЕЙСТВИЙ

Необходимо системно решать ограничения, чтобы агросектор Кыргызстана превратил имеющийся потенциал в реальный экспортный успех, считают эксперты. Подход, по их мнению, должен быть комплексным, объединяя фермеров, переработчиков, логистические структуры, государственные институты и инвесторов.

Первым шагом является приведение продукции к международным стандартам. Фермеры и переработчики должны внедрять системы контроля качества, прослеживаемости и сертификации. Получение сертификатов Global GAP, EU Organic, ISO, например, открывает доступ к рынкам ЕС, Китая и Ближнего Востока. Есть в этом плане примеры успешных инициатив. Так, в Таласской области объединение фермеров внедряет стандарты сортировки и упаковки фасоли, что позволило увеличить экспорт в Турцию и Россию на 20-30% за два года, а кыргызский мёд благодаря сертификации органического производства получил право поставок в страны ЕС. Все эти меры, отмечают аграрники, повышают доверие зарубежных покупателей и позволяют увеличить цену продукции за счет добавленной стоимости.

Снижение потерь и повышение стабильности поставок невозможно без инвестиций в логистику: создание централизованных распределительных и охлаждаемых складов позволяет продлить срок хранения продукции и снизить потери с 25-30% до 10-12%. Специализированные транспортные коридоры для скоропортящейся продукции обеспечивают сохранность качества и соблюдение сроков поставки. Кооператив садоводов Иссык-Куля, к примеру, инвестировал в холодные склады и специализированный транспорт: теперь партии поставляются в Россию и Казахстан стабильно каждые две недели, что увеличило доход фермеров на 15-20%.

Объединение мелких фермеров в кооперативы или ассоциации позволяет, как известно, формировать крупные экспортные партии и стандартизировать качество. Мелкие хозяйства также могут объединяться для совместного хранения, упаковки и продажи продукции, в том числе для обучения фермеров международным стандартам, методам сортировки и упаковки.

Для внедрения технологий, модернизации производственных линий и создания инфраструктуры необходимы доступные кредиты и инвестиции. В данное время фермеры могут получать долгосрочные кредиты под низкий процент и гранты на развитие переработки. Насколько инвестиции в сектор привлекательны? Приведем лишь один пример. Компания "Агропродукт Азия" стала первым предприятием в Кыргызстане по заморозке свежих фруктов: она располагает двумя складами общей мощностью 7 тысяч тонн и более 90% своей продукции экспортирует в такие крупные российские торговые сети, как

"Магнит", "Пятерочка", "Лента". В Чуйской области другой частный инвестор построил линию переработки яблок и ягод с заморозкой и упаковкой для экспорта, что позволило выйти на новые рынки Ближнего Востока и Китая. Опыт этих и других предпринимателей показывает, что переработка, хранение и упаковка позволяют увеличить цену на продукцию до 30-40%. Совокупность этих мер позволяет сформировать цепочку "от поля до международного потребителя", повысить добавленную стоимость продукции и увеличить доход фермеров.

Опыт отдельных компаний области таким образом свидетельствует о том, что при координации всех элементов - стандарты, логистика, кооперация, финансирование, диверсификация рынков и государственная поддержка - агросектор Кыргызстана способен превратиться в стабильный экспортный драйвер экономики страны. Переход от точечных успехов к устойчивой модели требует комплексного подхода, но результаты могут быть впечатляющими: рост экспортной выручки, повышение занятости, модернизация производства и усиление позиции страны на международных рынках.

## НИШИ НЕДОИСПОЛЬЗОВАННЫЕ

Наибольший экспортный потенциал Кыргызстана сосредоточен в сегменте продукции с выраженными природными преимуществами - экологичностью, вкусовыми качествами и возможностью позиционирования как "чистого" горного продукта. В первую очередь это фрукты и ягоды: яблоки Иссык-Куля, абрикосы южных регионов, черешня, а также бобовые культуры, прежде всего фасоль. Устойчивый спрос сохраняется и на продукцию животноводства - мясо и молочные изделия, осо-



бенно при условии соблюдения стандартов качества. Отдельное направление - мёд, орехи и сухофрукты, которые благодаря высокой добавленной стоимости и длительным срокам хранения удобны для экспорта и востребованы на рынках Китая, Ближнего Востока и стран Европы.

При этом значительная часть ниш по-прежнему не используется в полной мере. Прежде всего речь идёт о переработке: вместо экспорта сырья страна могла бы наращивать поставки соков, пюре, замороженной продукции, сушёных фруктов и готовых пищевых ингредиентов. Именно эти категории формируют основную добавленную стоимость в глобальной агропищевой цепочке. Недостаточно развит и сегмент органической продукции, несмотря на объективные предпосылки - низкий уровень химизации и благоприятную экологию.

Кроме того, слабо освоены нишевые и премиальные рынки. Это касается, например, брендированной продукции с географическим указанием происхождения, а также специализированных сегментов - халяльной продукции, функционального питания, экологически сертифицированных товаров. В условиях роста глобального спроса на качественную и безопасную еду именно эти направления могут стать для

Кыргызстана точками быстрого роста, позволяя конкурировать не объёмами, а качеством и уникальностью продукта.

## ОТ ПОТЕНЦИАЛА К РЕЗУЛЬТАТУ

На горизонте ближайших 5-10 лет для агросектора Кыргызстана просматриваются несколько сценариев развития. Инерционный вариант предполагает сохранение текущей модели: преобладание сырьевого экспорта, ограниченная география рынков и высокая зависимость от погодных условий и конъюнктуры соседних стран. В этом случае рост будет носить эпизодический характер и не приведёт к качественным изменениям в структуре экономики. Более оптимистичный сценарий связан с частичной модернизацией - развитием логистики, расширением кооперации фермеров и постепенным ростом переработки. Он позволит увеличить экспортную выручку и снизить волатильность поставок, но не обеспечит прорыва.

Наиболее перспективным выглядит сценарий системной трансформации, при котором агросектор проходит через комплексные изменения: внедрение международных стандартов качества, развитие перерабатывающей промышленности, создание современной логистической инфраструктуры и активную диверсификацию рынков сбыта, включая Китай, страны Ближнего Востока и Европейский союз. В этом случае Кыргызстан сможет перейти от экспорта сырья к поставкам продукции с высокой добавленной стоимостью - от свежих фруктов к переработанным продуктам, от разрозненных партий к стабильным контрактам. Такой сценарий требует координации усилий государства и бизнеса, а также привлечения инвестиций, но именно он способен обеспечить устойчивый рост.

Станет ли Кыргызстан заметным игроком на мировом аграрном рынке - во многом зависит от выбранной стратегии. Конкурировать с крупными экспортёрами по объёмам страна объективно не сможет, однако она вполне способна занять устойчивые позиции в нишевых сегментах: органическая продукция, экологически чистые фрукты и ягоды, мёд, орехи, продукция с географическим указанием происхождения. В условиях глобального спроса на качественные и безопасные продукты питания именно такие сегменты демонстрируют наиболее высокие темпы роста и позволяют небольшим странам успешно интегрироваться в мировую торговлю.

Таким образом, экспорт сельхозпродукции для Кыргызстана - это не просто экономическая возможность, а стратегический выбор. При сохранении текущего подхода агросектор останется источником локальных доходов, тогда как при переходе к системной модели он может стать одним из ключевых драйверов роста, обеспечивая приток валюты, развитие регионов и повышение конкурентоспособности страны на международной арене.



**Курманбек МАМБЕТОВ,**
*экономический аналитик*



## Гүлсара ТУРДУБАЕВА:

# «Ошто жашап, ОшМУда иштегениме сыймыктанам»

– Ош шаарында жашап, Ош мамлекеттик университетинде окуп, ушул эле жерде эмгектенип жаткандыгым мен үчүн чоң сыймык, – дейт каармандыбыз.

Акыркы жылдары университет олуттуу өзгөрүүлөргө жетишип, билим берүү жана илим жаатында жаңы деңгээлге көтөрүлдү.

Президент Садыр Жапаров тарабынан кол коюлган жарлыкка ылайык окуу жайга өзгөчө макам ыйгарылып, бул анын өнүгүүсүнө кеңири жол ачты. Университет 2022-жылдан тартып академиялык, финансылык жана башкаруучулук жактан өз алдынча эркиндикке ээ болгон.

Бул өзгөрүүлөрдүн натыйжасында ОшМУ эл аралык рейтингдерде өз ордун бекемдеп, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине ишенимдүү кадам таштоодо.

## БИЛИМ БЕРҮҮ – САПАТКА БАГЫТТАЛГАН ЖАҢЫ СИСТЕМА

Бүгүнкү күндө ОшМУда билим берүү процесси заманбап талаптарга ылайык жаңыланууда. Негизги максат – теория менен практиканы айкалыштырган, эмгек рыногунда талап кылынган адистерди даярдоо.

Бул үчүн билим берүү программалары жаңыланып, эл аралык стандарттарга ылайыкташтырылууда, санариптик технологиялар кеңири колдонулууда, онлайн жана гибриддик окутуу системалары киргизилди, студенттердин практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө басым жасалууда.

Айрыкча, өндүрүш менен байланыш күчөтүлүп, студенттерге реалдуу иш чөйрөсүндө тажрыйба топтоого шарт түзүлүүдө. Окуу жай өзүнүн гана ичинде кайнабастан коомго, мамлекетке, шаарга, облуска да пайдалуу долбоорлорду иштеп чыгып, сунуштап, ишке ашырууда. Учурда өлкөбүзгө зарыл болгон заманбап 7 кабаттуу медициналык клиника куруп жатат. Андан сырткары окуу имараттары кайсыл жерде жайгашпасын ошол аймактагы айлана-чөйрөнү жашылдандыруу, көрктөндүрүүгө салым кошуп жатат. Мамлекетибиз үчүн зарыл болгон абанын тазалыгы боюнча Япония менен биргелешкен чоң долбоорду ишке ашырууда. Медициналык клиникада боор, бөйрөк, жүрөк-кан тамыр оорулары

боюнча өтө татаал операциялар жасалууда. Мындай иштерди санай берсек абдан көп.

## ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ – КЕЛЕЧЕККЕ ИНВЕСТИЦИЯ

Университетте илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү стратегиялык багыт катары каралат. Окутуучулардын илимий активдүүлүгү өсүп, эл аралык деңгээлдеги изилдөөлөргө катышуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейүүдө.




Жаш окумуштууларды колдоо максатында:

- аспирантура жана PhD программалары өнүктүрүлүүдө;
- гранттык долбоорлор көбөйүүдө;
- илимий публикацияларга талап күчөтүлүүдө.

Бул аракеттер илимдин сапатын жогорулатып, жаңы ачылыштарга жол ачууда.

## ИННОВАЦИЯ ЖАНА КОММЕРЦИЯЛАШТЫРУУ – ЖАҢЫ ДООРДУН ТАЛАБЫ

Акыркы жылдары Ош мамлекеттик университети динамикалуу өнүгүү жолуна түшүп, Кыргызстандагы гана эмес, эл аралык деңгээлдеги атаандаштыкка жөндөмдүү жогорку окуу жайга айланып баратат.

Президент Садыр Жапаров кол койгон жарлыкка ылайык, университетке өзгөчө макам ыйгарылып, бул билим берүү мекемесине академиялык, башкаруучулук жана финансылык автономия берилди.

Натыйжада университет өзүнүн стратегиялык өнүгүүсүн өз алдынча аныктап, дүйнөлүк стандарттарга ылайык иш алып барууга мүмкүнчүлүк алды. QS World University Rankings жыйынтыктары да бул өсүштү айкын көрсөтүүдө. ОшМУ Азия боюнча 316-орунду, Борбор Азияда 22-орунду ээлеп, айрым адистиктер боюнча дүйнөлүк рейтингдерге кирди. QS Stars системасында 4 жылдызга, анын ичинде окутуу жана жумушка орношуу багыттары боюнча 5 жылдызга ээ болду.

Билим берүү – заманбап талаптардын негизинде. Бүгүнкү күндө ОшМУда билим берүү системасы заман талабына ылайык жаңыланып, сапатты жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулууда. Мындан тышкары, студенттердин практикалык даярдыгын күчөтүү максатын-

да өндүрүш менен байланышты бекемдөө, дуалдык билим берүү элементтерин киргизүү иштери жүрүп жатат. Бул аракеттер студенттердин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырып, алардын эл аралык эмгек рыногунда өз ордун табуусуна өбөлгө түзүүдө. Илим изилдөө – өнүгүүнүн негизги багыты. ОшМУ илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасап келет. Университетте илимий долбоорлордун саны көбөйүүдө, окутуучулардын эл аралык журналдардагы публикациялары өсүүдө, жаш окумуштууларды колдоо күчөтүлүүдө.

Аспирантура жана PhD программалары аркылуу илимий кадрларды даярдоо системалуу жолго коюлуп, жаш изилдөөчүлөрдүн потенциалын өнүктүрүүгө шарт түзүлүүдө. Мындан тышкары, университет эл аралык илимий чөйрө менен тыгыз кызматташып жатат. Мунун натыйжасында университет билимди коммерциялаштырып, экономикалык жактан туруктуу өнүгүүгө кадам таштоодо.

## АЯЛ – КООМДУН КҮЗГҮСҮ

Аял – бул жөн гана үй-бүлөнүн очогун сактоочу эмес, ал коомдун руханий тиреги, тарбиянын башаты жана келечектин калыптандыруучусу. Гүлсара Турдубаеванын пикиринде, аял канчалык билимдүү, аң-сезимдүү жана күчтүү болсо, коом да ошончолук өнүккөн болот.

Бүгүнкү күндө аялдардын ролу кескин өзгөрдү. Алар билим берүүдө, илимде, экономикада, саясатта, маданиятта активдүү иш алып барып, мамлекеттин өнүгүшүнө олуттуу салым кошуп келишет. Айрыкча билим берүү тармагында аялдардын эмгеги баа жеткис – алар келечек муунду тарбиялап, коомдун интеллектуалдык потенциалын калыптандырышат.

Аялзатынын күчү – анын сабырдуулугунда, акылмандыгында жана мээримдүүлүгүндө. Дал ушул сапаттар коомдо ынтымакты, туруктуулукту жана өнүгүүнү камсыз кылат. Ошондуктан аялдарды колдоо, алардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү – бул коомдун өнүгүшүнө жасалган инвестиция.

## ЛИДЕРЛИК – ЖООПКЕРЧИЛИК ЖАНА ҮЛГҮ

Лидер – бул кызмат же мансап эмес, бул чоң жоопкерчилик. Чыныгы лидер туура багыт көрсөтө алган, кыйын учурда чечим кабыл алуудан тайман-



баган, адамдарды бир максатка бириктире алган, өзүнүн жүрүм-туруму менен үлгү боло алган инсан. Лидерлик сапат ар бир адамда болушу мүмкүн, бирок аны өнүктүрүү үчүн талыкпаган эмгек, өзүн-өзү тарбиялоо жана туруктуу изденүү талап кылынат. Лидер адам биринчи кезекте өзүн башкара билиши керек, андан кийин гана башкаларга жол көрсөтө алат.

– Лидер адамдарды башкарбайт, аларды шыктандырат, – деген принципти карманган каарманыбыз жаштарга ар дайым өз үстүндө иштөөнү, билим алууну жана коомго пайдалуу болууну сунуштайт.

## ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК – КООМДУК КӨЙГӨЙ

Зордук-зомбулук – бул бир гана үй-бүлөнүн же жеке адамдын көйгөйү эмес, бул жалпы коомдун көйгөйү. Ал адамдын укуктарын бузуп гана тим болбостон, коомдун моралдык абалына да олуттуу сокку урат.

Гүлсара Турдубаеванын айтымында, зордук-зомбулуктун бардык түрлөрү – физикалык, психологиялык, экономикалык жана эмоционалдык – адамдын ички дүйнөсүнө терең жаракат калтырат. Бул көйгөй менен күрөшүү үчүн коомдук аң-сезимди жогорулатуу, укуктук билимди күчөтүү, үй-бүлөлүк баалуулуктарды бекемдөө, жаштарды туура тарбиялоо зарыл.

– Ар бир адам өз укугун билип, өзүн коргой алган учурда гана адилеттүү коом түзүлөт, – деп белгилейт ал.

Ошондой эле ал зордук-зомбулукка каршы күрөшүүдө кайдыгерлик эң чоң тоскоолдук экенин айтып, ар бир жаран активдүү позицияда болушу керектигин баса белгилейт.

## АЯЛДАРГА КААЛОО-ТИЛЕК

– Урматтуу айымдар! Сиздер – жашоонун көркү, үй-бүлөнүн куту, коомдун тирегисиздер. Сиздердин мээримиңиздер, сабырыңыздар жана акылмандыгыңыздар аркылуу дүйнө жарык жана жылуу болуп турат.

Ар бир аял өз бактысын табууга, сүйүүгө, урмат-сыйга жана татыктуу жашоого укуктуу. Ошондуктан ар дайым өзүңүздөргө ишенип, алдыга умтулуп, кыялдарыңыздарды ишке ашыруудан коркпоңуздар.

Жүзүңүздөрдөн күлкү кетпесин, жүрөгүңүздөрдө үмүт өчпөсүн. Ар бир күнүңүздөр жакшылык менен башталып, ийгилик менен улансын. Сиздердин бактыңыздар үй-бүлөнүн бактысы, коомдун бактысы, бүтүндөй өлкөнүн келечеги.

Аял бактылуу болсо – коом бактылуу. Билим өнүксө – мамлекет өнүгөт.





# КААРМАНЫБЫЗДЫН ӨМҮР ЖОЛУ ЖАНА ИШ ТАРЖЫМАЛЫ

Гүлсара Турдубаева – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университетинин кадрлар бөлүмүнүн башчысы. Ал өз өмүрүн билим берүү тармагына, илимге жана коомдук кызматка арнап, талыкпай эмгектенип келе жаткан инсандардын бири. Анын ишмердүүлүгү – билим менен тарбиянын, кесипкөйлүк менен адамгерчиликтин, лидерлик менен жөнөкөйлүктүн айкалышы.

Каарманыбыз 1959-жылы Жалал-Абад облусунун Аксы районундагы Мукур айылында туулган.

Эмгек жолун мектепте пионер вожатый болуп баштап, ошол эле мезгилден тарта жаш муундарды тарбиялоого багыт алган.1983-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун биология жана химия адистиги боюнча ийгиликтүү аяктагандан кийин мугалимдик кесипти аркалап, окуучуларга билим берүүнү өзүнүн башкы максатына айланткан. Алгачкы жылдары мугалим, методист катары иштеп, билим берүү системасынын түпкү процесстерин терең өздөштүргөн.

Кийинки жылдары Ош мамлекеттик университети менен анын өмүр жолу тыгыз байланышта уланды. Бул окуу жайда ал улук лаборанттан тартып, окутуучу, улук окутуучу, кафедра доценти, бөлүм башчы сыяктуу бир катар жооптуу кызматтарды аркалады. Ар бир баскычта өзүнүн кесипкөйлүгүн далилдеп, жетекчилик сапаттарын көрсөтө алды.

2010-жылы Ош шаарынын мэриясында социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, мамлекеттик башкаруу тармагында да тажрыйба топтоду. Бул мезгил анын коомдук көз карашын кеңейтип, адамдар менен иштөөдө жаңы деңгээлге чыгышына өбөлгө болду.

Кийин кайрадан университетке кайтып келип, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн улантты. Бүгүнкү күндө ал кадрлар бөлүмүнүн башчысы катары университеттин кадр саясатын жүргүзүүдө, ошол эле учурда химия жана химиялык технологиялар кафедрасында доцент болуп эмгектенүүдө.

Ал 2002-жылы кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактап, 2005-жылы доценттик наамга ээ болгон. Мындан тышкары, юридикалык билим алып, көп кырдуу адис катары калыптанган.

Бүгүнкү күндө болочок химия мугалимдеринин креативдүүлүгүн өнүктүрүү темасында докторлук диссертациянын үстүндө иштеп жатат.

Анын жасаган эмгектерине токтолсок: 80ден ашуун илимий-методикалык эмгектин, 12 окуу методикалык куралынын, 1 монографиянын, бир катар билим берүү программаларынын автору болууга жетишкен.

Мындан тышкары, ал коомдук турмушка да активдүү катышып, 2023-2024-жылдары Ош шаардык кеңешинин депутаты болгон. Жогорку Кеңешке депутаттыкка да талапкер болгон.

ЦИФРОВИЗАЦИЯ

# ГОСУДАРСТВО БЕЗ ПАПОК

**Как цифровизация в Кыргызстане стала не только реформой управления, но и новым языком власти**

Есть простой тест на качество государства: сколько времени гражданин тратит, чтобы получить от него то, на что имеет право. Кыргызстан этот тест долго проваливал. Папка, кабинет, печать, согласование, снова кабинет и где-то в конце маршрута обязательно нужный человек, без которого система попросту не двигалась. Между гражданином и решением почти всегда стояла не процедура, а посторонняя фигура.

Сегодня власть объявляет, что правила игры меняются. Электронный документооборот, система «Түндүк», цифровая регистрация бизнеса, онлайн-налоги и перевод закупок в электронный формат меняют в Кыргызской Республике не только технику государственного управления. Они меняют сам способ, которым власть объясняет обществу свою эффективность. Цифровизация перестает быть вспомогательной реформой и становится политическим аргументом: государство пытается доказать, что оно стало быстрее, прозрачнее и менее зависимым от бумажной серой зоны.

Именно поэтому цифровизация в Кыргызстане означает больше, чем техническая модернизация. Она важна не только потому, что экономит время. Она важна потому, что претендует на смену самого типа государства: не бумажного и кулуарного, а электронного и фиксируемого в системе; не медленного, а быстро реагирующего; и, что принципиально, не такого зависимого от ручного вмешательства.

В этой логике цифровизация в Кыргызской Республике работает сразу в трех измерениях: как управленческая технология, как антикоррупционный аргумент и как ресурс легитимации власти. Вопрос лишь в том, меняется ли что-то на самом деле или государство просто научилось выглядеть современно?

## ОТ БУМАЖНОЙ ВЛАСТИ К ЦИФРОВОМУ РИТМУ

В одном из интервью президент Садыр Жапаров описал перемену, которая на первый взгляд выглядит как деталь аппаратной кухни: он больше не работает с бумажными стопками документов и не подписывает решения вручную так, как это делалось раньше. Основной поток проходит через СЭД (систему электронного документооборота), где документы направляются, согласуются, подписываются и возвращаются внутри системы. В бумажном



виде, по его словам, сохраняются только секретные материалы. Отдельно Жапаров акцентировал внимание на скорости: если раньше согласование внутри системы власти одного документа могло занимать 15-20 дней, а то и месяц, то теперь тот же процесс может укладываться в один день.

Если эта цифра соответствует реальности, то перед нами не интересная деталь, а структурный сдвиг. Потому что СЭД меняет не просто форму документа, а скорость государства как такового.

В современном мире государство оценивают не только по содержанию решений, но и по времени реакции. Медленная власть выглядит слабой, даже если формально она контролирует ситуацию. Быстрая власть выглядит собранной и дееспособной. Поэтому цифровой документооборот уже не просто удобство для аппарата. Это способ предъявить обществу новую управленческую дисциплину: мы не тонем в бумагах, мы быстро принимаем решения.

Для Кыргызской Республики, где недоверие к бюрократии долгое время было почти частью политической культуры, такой переход особенно значим. Если раньше государство ассоциировалось с отфутболиванием и тормозом, то теперь оно хочет ассоциироваться с оперативностью. Если раньше оно выглядело как система бумажного дракона, то теперь как система цифрового прохождения решений. Именно здесь цифровизация впервые становится языком власти: государство говорит о себе через скорость.

## «ТҮНДҮК» НЕ ПРОСТО ПЛАТФОРМА, А НОВАЯ МОДЕЛЬ ОТНОШЕНИЙ С ГРАЖДАНИНОМ

Но внутренняя перестройка аппарата это только одна сторона процесса. Другая, не менее важная, то, как государство начинает менять повседневный опыт самого гражданина. Здесь центральное место занимает «Түндүк» - не просто цифровая инфраструктура, а символ новой модели взаимодействия между государством и обществом.

Смысл «Түндүк» не сводится к тому, что услугу теперь можно получить в электронном формате. Гораздо важнее другое: система сокращает дистанцию между человеком и государством, меняя саму логику этого контакта. В старой модели гражданин был вынужден проходить цепочку кабинетов, собирать

бумажные справки, подтверждать одни данные другими, зависеть от того, насколько чиновник готов ускорить или намеренно затормозить процесс. В новой модели государство пытается сказать: процедура должна работать через систему, а не через личный доступ.

Это принципиальный сдвиг именно для Кыргызской Республики. Недоверие к государственным институтам здесь формировалось не только из-за больших политических кризисов, но и из-за ежедневного, бытового опыта: слишком многое зависело не от правила, а от контакта; не от прозрачности, а от «связей» и умения найти нужного человека. Государство воспринималось не как система, а как совокупность людей, у которых нужно просить.

Когда государство строит цифровую инфраструктуру, связывает базы данных, выводит услуги в электронную среду, то оно меняет не только интерфейс, но и само обещание гражданину. Это обещание звучит так: услуга должна зависеть от процедуры, а не от посредника. Государство больше не просит вас искать нужного человека. Оно предлагает систему, которая работает без него.



В этом смысле «Түндүк» не просто технологическая платформа. Это политический знак. Через нее государство показывает, каким хочет быть: не бумажным барьером и пространством административного хождения по кабинетам, а сервисной системой и пространством стандартизированной, предсказуемой процедуры.

Регистрация фирмы, налоги, закупки: где цифровизация становится политикой.

Если СЭД меняет внутренний ритм власти, а «Түндүк» отношения государства с гражданином, то цифровизация процедуры регистрации бизнеса, налогового администрирования и госзакупок затрагивает самое чувствительное: пересечение государства, денег и повседневной административной практики.

Именно здесь цифровизация перестает быть вопросом комфорта и становится вопросом власти. Серая зона рождается там, где можно затянуть процедуру, усложнить вход, запутать маршрут, сделать прохождение услуги зависимым от «ускорения» и личного доступа. Бумага, личный контакт и непрозрачность почти всегда питательная среда для неформального посредничества.

Когда регистрация фирмы упрощается и переводится в электронный формат, это означает не только экономию времени для предпринимателя. Это означает ослабление старой бюрократической логики, в которой вход в систему часто требовал не только знания правил, но и умения ориентироваться в неформальных механизмах, то есть знать, к кому обратиться, как объяснить, кому занести. Когда налоги платятся через цифровые инструменты, сужается пространство для избыточного контакта между плательщиком и инспектором. Когда закупки цифровизируются, меняется уровень видимости всего процесса: там, где раньше многое растворялось в административной тени, теперь появляется системный след.

Именно поэтому власть напрямую связывает цифровизацию с ростом собираемости налогов и сужением коррупционного поля. Эта связка выглядит политически очень сильной: государство как бы говорит обществу: «бюджет растет не только потому, что стало больше дисциплины и проверок, но и потому, что деньги меньше застревают в серой зоне». Чем больше система электронная, тем труднее незаметно изъять из нее ресурс. Чем больше операций проходит через цифру, тем сложнее скрыть цепочку принятия решения.

Конечно, было бы наивно утверждать, что технология автоматически уничтожает коррупцию. Электронная платформа не заменяет институт и не гарантирует справедливости. Старые чиновники умеют приспосабливаться и нередко делают это с завидной изобретательностью. Но цифровизация меняет одну принципиальную вещь: она делает часть прежних схем менее удобными, менее невидимыми и менее естественными. Когда схема требует дополнительных усилий, часть участников просто выходит из нее.

## ОТ ЭФФЕКТИВНОСТИ К ЛЕГИТИМНОСТИ

Самый серьезный смысл нынешней цифровой повестки в Кыргызской Республике раскрывается тогда, когда власть начинает использовать ее не только как инструмент управления, но и как способ объяснить свое право на доверие.

Логика проста: если документы движутся быстрее, если услуги становятся доступнее, если налоги и закупки переводятся в цифру, если бюджет растет, если ручного трения становится объективно меньше, то государство работает. А если оно работает, то власть может предъявить обществу не только обещание, но и результат. Так цифровизация превращается в ресурс политической легитимации: не харизматической и не мобилизационной, а процедурной.

Для Кыргызстана это особенно значимо. Долгое время политическая легитимность здесь строилась прежде всего на харизме, протестной мобилизации, образе «народного лидера», резком разрыве с прежними элитами. Это была легитимность момента, яркая, но неустойчивая. Теперь к этой логике добавляется другая: власть пытается легитимировать себя через процедурную эффективность. Не только через лозунги и политическую волю, но и через систему и механизм, который можно измерить и проверить.

Это важный поворот. Государство хочет, чтобы его воспринимали не только как сильное, но и как функциональное, как способное организовать процесс, а не только продемонстрировать решимость. В этом и состоит новая политическая роль цифровизации: она позволяет власти говорить с обществом языком результата, а не только языком намерения.

## ГЛАВНАЯ РАЗВИЛКА

Но именно здесь проходит и самая жесткая проверка всей этой модели. Потому что цифровизация может стать реальным изменением логики управления, а может оказаться просто новым фасадом старой системы.

Электронный документооборот сам по себе не гарантирует справедливости. «Түндүк» не отменяет автоматически административную избирательность. Цифровая регистрация бизнеса не решает всех проблем предпринимательского климата. Электронные закупки не уничтожают злоупотребления одним фактом своего существования. Технология это только инструмент. Она усиливает прозрачность там, где есть воля к прозрачности. Ускоряет процедуру там, где нет интереса сохранять искусственное трение. Сокращает посредничество там, где государство действительно готово обрезать лишнее звено. Но она бессильна там, где эта воля отсутствует или носит декларативный характер.

Именно поэтому главный критерий цифровизации не число платформ и не количество новых сервисов. Главный критерий: реально ли сократилась серая зона между человеком и государством. Не на бумагах, а в жизни.

Если СЭД действительно заменяет месяц ожидания одним днем, то это уже не имидж, а практика. Если «Түндүк» реально избавляет гражданина от лишних походов по кабинетам и неформальных зависимостей, то это уже не лозунг, а изменение повседневности. Если регистрация фирмы, уплата налогов и государственные закупки становятся менее закрытыми и менее ручными, то это уже не витрина, а новая административная реальность.

Однако если за современным интерфейсом остается старая непрозрачность, старое усмотрение и старое ручное влияние, тогда цифровизация рискует превратиться в самое удобное прикрытие для системы, которая просто научилась выглядеть современно. Экран есть, но за ним все то же самое.

И вот здесь для Кыргызской Республики начинается главное. Цифровизация уже не вопрос техники и не вопрос бюджетов на ИТ. Это вопрос доверия. Вопрос о том, может ли государство действительно выйти из бумажной эпохи не только по форме, но и по сути. Может ли оно стать быстрее не только на экране, но и в реальном управлении. Может ли оно сократить пространство для посредника на практике, там, где это неудобно и где у посредника есть интерес сопротивляться.

Потому что в конечном счете цифровое государство проверяется не количеством электронных подписей и не числом запущенных платформ. Оно проверяется простым вопросом, который задает себе любой предприниматель, любой гражданин, столкнувшийся с системой: «стало ли мне легче жить с государством?». Пока ответ на него остается открытым.



**Азамат КАСЫБЕКОВ,**
*специально*
*для журнала* «ВЕКТОР ВЛАСТИ»

ЖУСУП АБДРАХМАНОВДУН КЫЗЫНЫН ТАРЫХЫ

# АККАН АРЫКТАН СУУ АГАТ

## *же Жусуп Абдрахмановдун кызы Аиданын татыктуу өмүрү тууралуу баян*

**Белгилүү тарыхчы-илимпоз Асан ОРМУШЕВ Кыргызстандын мамлекеттүүлүгүн түптөгөн Жусуп Абдрахмановдун үй-бүлөсү тууралуу жаңы маалыматтарды таап чыкты.**

**Кыргыз элинин чыгаан саясий жана мамлекеттик ишмери Жусуп Абдрахман уулунун басып өткөн өмүр жолун изилдөөнүн жүрүшүндө улам жаңы маалыматтардын табылышы анын мыкты адамдык сапатын, үй-бүлөсүнө карата камкордугун, уул-кыздарына жасаган аталык мээримин кеңири ачып берүүгө мүмкүнчүлүк түзүүдө.**

Жакында Казакстан Республикасынын Алматы шаарындагы Кыргыз Республикасынын башкы консулу Асанкулов Жеңишбек Асанкулович телефон аркылуу Жусуп Абдрахман уулунун кызы Аиданын уулу Тлеулиев Канат Абдыманапович менен кыскача маектешүүгө мүмкүнчүлүк түзүп берди. Тарыхий жакшы саамалыкка жол ачкан Жеңишбек мырзага чын жүрөктөн чыккан ыраазычылык билдирем.

Аңгемелешүүнүн жүрүшүндө мен Канаттын апасы Аида, атасы Абдыманап жана өзү жөнүндө кеңири маалымат жазып берүүнү өтүнгөн элем. Канаттын Жеңишбек аркылуу апасы Аида, атасы Абдыманап жөнүндө жазып берген маалыматтары жана сүрөттөрү буга чейин кыргыз коомчулугуна жана тарыхчы илимпоздорго белгисиз болуп келген. Жаңы тарыхий маалыматтар биринчи болуп сиздердин «ВЕКТОР ВЛАСТИ» журналына жарыяланып олтурат.

Канаттын берген маалыматы боюнча таржымал мындай экен:

«Апам Тлеулиева (Абдрахманова) Аида 1927-жылы 7-майда Фрунзе шаарында төрөлгөн. Атасы Жусуп (Юсуп), апасы Гүлбахрам Ханбали кызы Аидага өзгөчө көңүл бурушкан. Аида алар-



Жусуп Абдрахман уулу



Аида Тлеулиева (Абдрахманова)

дын үчүнчү баласы (Анвар – агасы. 1920-жылы 24-декабрда төрөлгөн, жети жаш улуу болгон, экинчи агасы Алибек (Алеша) – агасы 1922-жылы 17-декабрда төрөлгөн, беш жаш улуу эле).

Самара жана Оренбург шаарларында атасы, апасы, бир туугандары менен бирге болуп, ошол шаардагы орус мектептеринде билим алган. Апам Аида алты жашында Россияга барып он жашка толгондо кайра Фрунзеге келген. Апасы Гүлбахрам фабрикада иштеп балдарын багып, билим берүүгө аябай аракет жасаган.

Апам Аида 1945-жылы (18 жашка толгондо) орто мектепти бүтүрүп, Ленинград шаарындагы техникалык институтка тапшырып (Ленинграддагы СССР Жол катнаш министрлигинин сигнализация жана байланыш институтуна), 1950-жылы жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктайт. Апамды жаш адис катары Алматы шаарындагы Турксиб темир жол башкармалыгына электромеханик кызматына кабыл алышат. (Кийин ал мекеме Казакстан темир жол мекемеси, Алматы темир жол мекемеси деп аталган.)

1958-жылы апам Аида атам Абдыманапка турмушка чыгат. Ошондо апам 30 жашта экен. Апам ошол мезгилден баштап Тлеулиева Аида болуп, атамдын фамилиясын алган. Апам мени 36 жашка чыкканда төрөптүр. Мен алардын жалгыз уулумун».

2001-жылы Кыргыз-Кувейт университетинде Жусуп Абдрахман уулунун 100 жылдыгына арналган илимий жыйын өткөрүлгөн. Ректор катары мен жыйындын демилгечиси жана уюштуруучусу болгонум ырас. Ошол жыйынга Аида Тлеулиева (Абдрахманова) дагы катышкан. Мен ошондо Аида эже менен биринчи жолу жолугушуп, баарлашкан элем.

Аябагандай токтоо, сабырдуу, билимдүү адам экенин байкагам. Ал өз сөзүндө: «Менин атамдын кыргыз элине жасаган ак эмгегин эскерип жатканыңарга чоң рахматымды айтам. Атам өз элинин эртеңки келечеги үчүн көп аракеттерди жасаган. Анын көздөгөн максатын жетүүсүнө силердин уюштурган илимий жыйыныңыздар күбө болот», - деген эле.

Канаттын берген маалыматынан биз Аида эженин эмгек жолун тактоого толук мүмкүндүк алдык:

«Апам өз кесибин сүйгөн, билимдүү адис болгон. Ал катардагы жөнөкөй инженерден башкы инженерге чейин көтөрүлүп, кийин ошол мекеменин башчысынын орун басары болуп эмгектенген. Апамдын ак эмгеги жогору бааланып, «Эмгектин артыкчылыгы үчүн», «Эмгектин каармандыгы үчүн» медалдары менен сыйланган. 1976-жылы «СССРдин ардактуу темир жолчусу» деген жогорку наам ыйгарылган.

Атам Абдыманап Тлеулиев 1913-жылы Жамбул облусуна караштуу Ак-Жар айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жаш кезинде ата-энесинен ажырап, жетим балдар үйүндө тарбияланып билим алган. Темир жол адистиги боюнча окуу жайына кирип, ийгиликтүү бүтүрүп, адистиги боюнча эмгектенген. Орус тилин жакшы билгендигин, уюштуруу жөндөмүн байкаган темир жолдун партиялык комитети аны 1931-жылы комсомолдук ишке алышат. Он сегизге чыккан жаш жигит жаштардын арасында үзүрдүү иштерди жүргүзгөн.

1939-жылдан баштап жыйырма алты жашында Арыс райондук партиялык комитеттин биринчи катчысы болуп дайындалган.



Абдыманап Тлеулиев

Кийин Казакстандын Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинде жооптуу кызматтарда иштеп, Жогорку партиялык мектепти бүтүрөт.

1951-жылы, отуз сегиз жашында, Казакстандын Борбордук Комитетинде уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштейт.

1954-жылы, кырк бир жашка толгондо, Казак ССРинин коопсуздук комитетине ишке алынып, 1982-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген. Коопсуздук Комитетинин башкармалыгынын биринчи орун басары болуп кызмат өтөгөн.




Казакстанда Жусуп Абдрахманов атындагы көчөлөр бар



Абдыманап атам убагында Казак ССРинин Компартиясынын биринчи катчысы Д.А. Кунаев менен бирге эмгектенип, жакыш мамиледе болушкан».

Жусуп Абдрахман уулунун үй-бүлөсүнүн кийинки жылдары азаптуу тагдырын изилдөөгө, анын бир уулу жана тун кызы Аида жогорку билимге ээ болууга мүмкүндүк алышканы аныкталды. Раиса менен Лениnанын жогорку билим алууга ошол кездеги партиялык комитет уруксат берген эмес.

Жусуп Абдрахман уулунун жеке тагдыры казак эли менен тыгыз байланышта болгонун тарыхий окуялар тастыктап турат. Биздин илимий иликтөөлөрүбүздүн негизинде Жусуп 1918-жылдан 1921-жылга чейин Алматыда, Талды-Коргондо иштеп, казак кызы Гүлбахрамга үйлөнгөн. Кийин ачарчылык мезгилинде казак элине жардам берип, ачарчылыктан сактап калган.

Жусуп Абдрахман уулунун казак элине жасаган зор эмгегин эске алып, Талды-Коргон шаарында Жусуп Абдрахмановдун ысымын көчөгө ыйгарышкан. Азыркы учурда Казакстандын маданият тармагындагы кызматкерлер Алматы шаарында бир көчөнү Жусуп Абдрахманов деп атап, айкелин тургузуу боюнча демилге көтөрүп жатышат.

Кыргыз мамлекетин түптөөгө жана алгачкы жылдары (1926-1933) экономикасынын, маданиятын көтөрүүгө зор салым кошкон. Кыргыз лидери катары эл оозунда сакталган Жусуп Абдрахман уулунун элесин түбөлүккө калтыруу максатында ал иштеген шаарлардын мекемелеринде: Бишкек, Каракол, Алматы, Ташкент, Москва, Мешхед шаарларында жазуусу бар тактарайон орнотуу, айкелин жасап ылайыктуу жерге жайгаштыруу ылайыктуу болоор эле.

Ошондой эле ал билим алган Байсорун, азыркы Ананьево айылындагы (орус-тузем) мектебин жакшылап ремонттоп, бир бөлмөнү алгачкы кезиндегидей сактап калуу Жусупту эскерүүнүн, анын окуучулук кезин элестетүүгө, жаштарды мекенчилдикке үйрөтүүгө көмөк көрсөтмөк.

Жусуптун билим алган Каракол шаарындагы жогорку мектепке дагы табличка илип, жакшы ремонттоо зарыл деп ойлойм.

Улуттук лидерин ар бир кыргызстандыкка, жаштарга дайыма ыйык мурас катары эскерүүнү салтка айландырганыбыз абдан жөндүү болмок деп эсептейм.



**Асан ОРМУШЕВ,**

*тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Эл аралык Айтматов атындагы академиянын академиги*

# ЭСЕН НИЯЗ (Сарымсак) УУЛУ – *доор чакырыктарына жооп бере алган инсан*

**Дүйнөлүк цивилизациялардын өнүгүүсүн изилдеген англиялык белгилүү тарыхчы жана философ Арнольд Джозеф Тойнби: «Ар бир доор адамзаттын алдына орчундуу маселелерди же «чакырыктарды» таштайт. Улуу инсандар – ошол чакырыктарга эң таамай, эң күчтүү «жооп» бере алгандар. Демек, тарыхый шарттар инсанды жөн эле жаратпастан, аны татаал сыноолор аркылуу такшалтат. Доор канчалык катаал болсо, ага жооп берген инсан ошончолук масштабдуу болот» деген маанидеги ойду айтканы бар.**

**Немис философу Георг Вильгельм Фридрих Гегель тарых – бул жөн эле кокустуктардын тизмеги эместигин жана бул дүйнөлүк рухтун өзүн-өзү таануу жана эркиндикке жетүү жолундагы мыйзам ченемдүү процесси экенин айта келип: «Тарыхый инсан – бул өз доорунун духун сезе билген жана ошол учурдагы коомдук зарылчылыкты ишке ашырган адам. Доор өзүнүн максаттарын ишке ашыруу үчүн тиешелүү мүнөзгө, эркине жана акылына ээ болгон инсанды «тандап» алат. Эгер ошол тарыхый фигура болбосо, анын ордун башка бирөө басмак, анткени доордун талабы (социалдык, экономикалык, саясий кризис) баары бир чечүүнү талап кылат», – деп белгилейт.**

## НҮЗҮП, МУСУЛМАНКУЛ АТАЛЫКТАР МЕНЕН ҮЗӨҢГҮЛӨШ

Эсен Нияз (Сарымсак) уулу (болжол менен – 1779 (1785) – 1854 (1855)) мына ошондой тарых жараткан жана тарых чакырыктарына жооп бере алган улуу инсандардан. Уруусу – Саруу. Саруудан – Көнөк, Көнөктөн – Кыркуул, Кыркуулдан – Келдей, Келдейден – Рыскул, Рыскулдан – Нияз (Сарымсак), Нияздан (Сарымсактан) – Эсен.

Айрым маалымат булактарына караганда*, Эсен Нияз уулу Аксы аймагынан чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер, аталык, аскер башчы Нүзүп бий Эсенбай уулу (1794-1844), Кокон хандыгындагы кыргыз жана кыпчактардын таасирдүү төбөлү, хандыкта аталык кызматын аркалаган Мусулманкул (1794-1852) менен үзөңгүлөш жүрүп, Кокон ордосун чаап алууга үч жолу катышкан (эки жолкусунда хан көтөрүүгө катышат, биринде хан ордого Мусулманкулду коштоп барат), ары баатыр, ары акылман, өз мезгилинин элге төбөсү көрүнгөн мыктыларынын бири болуптур.

Мусулманкул жана Нүзүп аталыктардын ысымдары тарых барактарында аттын кашкасындай жазылып калган. Алар жашаган доор – Кокон хандыгынын тарыхындагы эң эле карама-каршылыктуу, саясий чыңалуу эң жогорку чекке жеткен мезгил. Бул убакытты «кыргыз-кыпчак доору» же көчмөн ак сөөктөрдүн хандыктын тагдырын толук колго алган учуру деп атасак болот.

Эки уруунун эки баатырынын эрдиктери да, бийлик кумарынын артынан түшүп, эс-акылдарынан тана, эстерин эки кылган тирештери, ички карама-каршылыгы Кокон ордосундагы орчундуу окуялар, башка каармандар менен катар Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылыч» романында көркөм сүрөттөлгөн.

## ХАНДЫКТЫН ЖАРАЛЫШЫ ЖАНА «АЛТЫН ДООРУ»

Кокон хандыгы демекчи, анын жаралышы – бул Борбор Азиянын тарыхындагы кызыктуу процесс. Хандык XVIII кылымдын башында, кубаттуу Бухара хандыгы алсырап, анын курамындагы аймактар өз алдынчалыкка умтула баштаган учурда – 1709-жылы негизделген.

Негиздөөчүсү миң уруусунун башчысы Шахрух бий. Ал өзүн Бухарадан көз карандысыз деп жарыялап, Ферганандын бир бөлүгүнө ээлик кыла баштаган. Ал кезде борбор азыркы Кокон шаары эмес, Төбө-Коргон чеби болгон.

Шахрух бийдин уулдары жана неберелери (айрыкча Абдурахим бий жана Абдукарим бий) мамлекеттин аймагын кеңейтүүнү улантышкан. Абдукарим бийдин тушунда (1740-жылдары) азыркы Кокон шаары негизделип, ал мамлекеттин борборуна айланган. Шаардын стратегиялык ыңгайлуу жайгашуусу анын тез өсүп-өнүгүшүнө өбөлгө болгон.

Кокон хандыгынын бутуна турушуна анын географиялык абалы оңтойлуу шарт түзгөн. Фергана өрөөнү тоолор



менен курчалган, табигый чеп сыяктуу коргоолуу коопсуз аймак эле. Улуу Жибек жолунун бир тармагы ушул жерден өткөн. Соода жана кол өнөрчүлүк казынаны байыткан. Хандыктын түзүлүшүндө жана аскердик күчүнүн чыңдалышында өрөөндүн тегерегиндеги кыргыз жана кыпчак уруулары чоң роль ойношкон. Аларсыз хандык мынчалык кубаттуу мамлекетке айлана алмак эмес.

Эми Кокон хандыгынын эң гүлдөгөн жана ошол эле учурда анын кулашына негиз салынган карама-каршылыктуу "Алтын доору" тууралуу кеп кылалы. Бул мезгил негизинен Алим хан жана Омар хандын башкаруусуна туш келет. Алим хан бийликке келгенде Кокон жөн гана кичинекей бектик болчу. Ушул капсаландуу тарыхый мезгилде Эсен Нияз (Сарымсак) уулу каруу-күчкө толуп, урунаарга тоо, урушаарга жоо таппай турган. Атасы Нияз дай-

ыма жанына ала жүрүп, жаш кезинен ордо оюндарына, бийлик талаштарга катышып, көз карашы жетилип, такшалат. Кайраттуулук жана эрдик көрсөтүп, көзгө урунат. "...Нарбото Кокон хандыгында аталык болуп, уулу Алим хан көтөрүлгөндө, атасы Сарымсак эми гана 17-18ге толгон уулу Эсен акебиздин колуна кылыч карматып, болочок баатыр Нарботонун жоокерлеринин алдыңкы сабында болуптур. Ал убакта жоокерчилик да атадан балага калган салт, өнөр болгон. Аталар, анын ичинде элдин мыктылары мыкты чыга турган балдарын жоокерчиликке үйрөнсүн, жоодон жалтанбай, өлүмдөн качпай тургандай болсун, элге аралашсын, жаман-жакшыны эрте ажырата билсин, сөз уксун деп өздөрү менен ээрчите жүргөн экен. Сарымсак чоң атабыздын уулу Эсенди Коконго ээрчите барганы, анын салт билген, улуулардын жолун урматтаган кыраакы инсан болгонунан кабарлайт" (санжырачы Кабылбек Казыбай уулунун жогоруда аталган макаласы).

Алим хан реформатор жана катаал аскер башчы катары тарыхта калган. Ал биринчилерден болуп расмий түрдө "хан" титулун алган. Бул Кокондун Бухарадан толук көз карандысыз экенин жарыялоо эле. Ал уруулук кошундардан баш тартып, туруктуу жалданма аскерлерди (көбүнчө тоолук кыргыздардан жана тажиктерден) түзгөн. Алим хан Ташкентти, Чымкентти жана Түштүк Казакстандын бир бөлүгүн басып алган. Ошондой эле кыргыздын алайлык жана ферганалык урууларын өзүнө толук баш ийдирген.

Ал өзүнүн катаалдыгынан улам кутумдун курмандыгы болгондон кийин, такка анын иниси Омар хан отурат. Анын башкаруусу Кокондун "Алтын доору" аталат. Омардын тушунда Кокон шаары Орто Азиянын маданий жана билим берүү борборуна айланган. Омар хан өзү да "Амири" деген каймана ат менен ыр жазган акын болгон. Бул мезгилде кыргыздын белгилүү акындары жана ойчулдары да хан ордосу менен байланышта болуп, адабият өнүккөн. Омар хандын жубайы Нодирабегим да белгилүү акын болгон. Кокон хандыгы Сыр-Дарыянын жээгине чейин жайылып, Олуя-Ата, Пишпек чептери курула баштаган.

## ХАНДЫКТАГЫ ИЧКИ ТИРЕШҮҮЛӨР

Бул гүлдөп-өсүү канчалык кооз көрүнбөсүн, ички терең көйгөйлөр да ушул убакта тамыр жайган. Чоң аскерди жана хан сарайынын жасалгасын кармап туруу үчүн карапайым элге, анын ичинде көчмөн кыргыздарга оор салыктар салынган. Омар хан өзүн "Мусулмандардын эмири" атап, мамлекетти катаал шарият мыйзамдары менен башкарууга өткөн. Бул эркиндикти сүйгөн көчмөн уруулардын наразычылыгын туудурган. Кыргыздар хандыктын аскердик күчү катары кызмат кылышса да, алардын саясий укуктары чектелүү болгон. Бул кийинчерээк Нүзүп жана Мусулманкул сыяктуу инсандардын бийлик үчүн күрөшкө чыгуусуна негизги себеп болгон.

Бул мезгилди түшүнбөй туруп, эмне үчүн кийинчерээк кыргыз бийлери хандыктын ички иштерине активдүү кирише баштаганын түшүнүү жана түшүндүрүү кыйын.

1822-жылы Омар хан өлгөндөн кийин такка анын жаш уулу Мадали хан отуруп, мамлекетте башаламандыктар жана ички согуштар башталган. 1841-жылы Бухара эмири Насрулла Кокондү басып алып, Мадали ханды өлтүргөндөн кийин, хандык туңгуюкка кептелген. Кокон хандыгы эмирликтин бир бөлүгү катары жарыяланат. Мына ушул оор учурда аксылык кыргыздардын кыйындарынын бири Нүзүп бий демилгени колго алган.

"Ордодогу саясий иштерге түздөн-түз аралашып, бийликти алуунун ыкмаларын билген Нүзүп Аксыга кыргыздын ак сөөк билермандарын чогултуп, Таласта жашап турган миң династиясынын урпагы Шералыны хан көтөрүүгө токтолушат. 1842-жылы жай айында Нүзүп баштаган топ Таластан Шералыны үй-бүлөсү менен Аксыга, Жаркын айымдын атасы Токтоназардын айылына көчүрүп келет. Нүзүп Жаркын айымдын таякеси болгон" (https://ky.wikipedia.org/wiki/Нүзүп_бий_Эсенбай_уулу).

Кокон ордосунда кыргыздардын таасирин күчөтүү толук кыргыздардын мүдөөсү да, тилеги да болгон. Нүзүп Шералыны хан көтөрүү менен, өзү аталык катары Коконду башкаргысы келген.

Шералы – Кокон бийлөөчүсү Нарбото бийдин иниси Ажы бийдин уулу. Бир маалыматта "атасы Ажы бий Алим хан менен бийлик талашуу учурунда өлтүрүлгөн. Балдары Шералыны жана Улугбекти сактап калуу үчүн энеси Умсунай Таластагы төркүндөрүнө качууга аргасыз болгон. Шералы Чаткал, Талас аймагында чоңойгон" делет.

Башка бир маалыматта Алим хан "тактыны талашат" деп шекшип, атасы Нарботонун бир тууганы Ажы бийдин башын алдырып, Ажы бийдин балдары да өлүм коркунучунда калып, хандыктын тагдырын ойлогон аксылыктар 14 жаштагы Шералыны Кокондон Таласка качырышканы айтылат. Ошентип, Шералынын жаштыгы Таласта өткөн.

## АВАНСЦЕНАДА ЭСЕН НИЯЗ (САРЫМСАК) УУЛУ

Бул маалда, Эсен Нияз (Сарымсак) уулунун акылы толуп, эл башы катары таанылып, кайраты бышып турган. 1842-жылы «Хандын тукуму хан болушу керек, Алтынбешиктин тукумун хан көтөрөбүз» дешип, Шералыны хан көтөрүү чечимин да кабыл алууда Эсен Нияз (Сарымсак) уулунун орду Ажыбек датка, Нүзүп бийден кем эмес болгон.

Ошентип, хан көтөрүү бул – ири уруулардын ортосундагы макулдашуунун натыйжасы болгон. Эсен Нияз (Сарымсак) уулу өзүнүн кадыр-баркы менен ар кайсы уруулардын башын бириктирүүдө, аларды бир максатка ынандырууда негизги "көпүрө" болгону да шексиз. Анын көптү көргөн көрөгөчтүгү, турмуштук тажрыйбасы жана ата-бабадан келе жаткан наркнасилди билгени чоң роль ойногон.

Эсен Нияз (Сарымсак) уулунун Нүзүп менен Мусулманкулдан 10-11 жаш улуулугу артыкчылык болгон. Нүзүп бий менен Мусулманкул аскердик иштерде жана реалдуу бийликте активдүү болушса, Эсен Нияз (Сарымсак) уулу аларга насаатчы катары жол көрсөткөн, жаңылса – түздөгөн, адашса – туура жолго салган. Анын үстүнө Нүзүп менен Мусулманкулдун ортосундагы карама-каршылыкты алсак, Эсен Нияз (Сарымсак) уулу эки оттун ортосунда калып, далай жолу экөөнүн тирешине күбө болгону талашсыз. Шералыны Таластан алып келип, такка отургузуу сыяктуу кооптуу кадамда – Ажыбек датка, Эсен Нияз (Сарымсак) уулуна окшогондордун токтоолугу жана дипломатиялык көрөгөчтүгү зарыл эле.

Нүзүп бийдин чечкиндүүлүгү менен Эсен Нияз (Сарымсак) уулунун акылмандыгы айкалышып Шералынын бийлиги бекемделген. Эсен Нияз (Сарымсак) уулу – бул окуялардын жөн гана катышуучусу эмес, ал Кокон хандыгындагы кыргыз бийлигинин моралдык жана интеллектуалдык пайдубалын түптөгөндөрдүн да бири.

Дал ушул жерде Шералыны хан шайларда аксылык, таластык кыргыз уруулары менен катар кыпчак уруулары да көп жардам бергенин белгилеп коюшубуз керек. Мусулманкул саруу уруу-

сунун Келдей тукумуна жээн, өзү да тагаларынын колунда өскөн. Бул маалыматтан улам Нүзүп Коконго барганда, аны жанына жолдош кылып ээрчите барганы да тегин жерден эмес болушу керек деген ой жаралат. Келдейлер Таласта да, Кетмен-Төбөдө да, Аксыда да бар.

Келдей уруусу жөнүндө сөз болуп калган соң, ал тууралуу айта кетели. Айтымда, Байсуунун уулу Келдей жөнөкөй, карапайым адам болгон. "Келдей чоң атабыз тууралуу эки ооз сөз. Келдей жупуну жүргөн, олуя чалыш жакшы киши экен. Белине байланганы талдын кабыгынан кур, башына кийгени койдун терисинен малакай, мингени өгүз, ээри ыңырчак, үзөңгүсү талдын же арчанын бутагынан жасалган. Көргөн киши шылдындап күлгүдөй кебетеде жүрчү дешет. Жыланач этинде жылан оролгондой, белинде дөңкөйүп чыгып турчу тагы бар экен. Айтымда, белине чындап эле жылан оролгондо дубалап этине катырып алган деген сөз бар" (санжырачы Кабылбек Казыбай уулунун жогоруда аталган макаласы).

1942-жылы Шералы Коконго хан болгондон 1876-жылы хандык жоюлганга чейин ордодо көчмөн кыргыз, кыпчак урууларынын төбөлдөрүнүн таасири жогорулаган. Бул кадам хандыктын көз карандысыздыгын калыбына келтирген. Нүзүп бий хандыктын иш жүзүндөгү башкаруучусу – аталык болуп, мамлекеттин аскердик кубатын чыңдаган. Тилекке каршы, хан ордосундагы отурукташкан бектер жана башка уруу лидерлери кыргыз бийинин мынчалык күчөп кеткенине ичи тардык кылышкан. Натыйжада, кутум уюштурулуп, 1844-жылы Нүзүп бий өлтүрүлгөн. Нүзүп бийдин өлтүрүлүшү менен аталык кызмат жана ордодогу чечүүчү роль – бийлик тизгини кыпчак уруусунун лидери Мусулманкулга өткөн.

Тилекке каршы, анын тушунда абал ого бетер курчуган. Мусулманкул мамлекеттик кызматтардын баарына өз кишилерин (кыпчактарды) койгон. Бул башка уруулардын наразычылыгын туудурган. Ал өтө таш боор жана чечкиндүү башкаруучу болгон. Ал тургай Шералы хандын өзүн каалагандай башкарган.Бул мезгилде хандыктын ичиндеги кыргыз, кыпчак жана отурукташкан сарттардын ортосундагы бийлик үчүн күрөш күч алган. Бул ички араздашуу мамлекетти алсыратып, тышкы душмандарга (Орусия империясы жана Бухара эмираттыгы) жол ачкан, согуштар жана салыктардын оордугу карапайым элдин турмушун начарлаткан, наразычылык күчөгөн.

Шералыга келсек, анын Малабек, Сопубек, Кудаяр аттуу балдарынын тагдырлары бийлик талаш менен чырмалышкан. 1845-жылы Шералы өзү, 1858-жылы такка отургузулган Малабек 1862-жылы өлтүрүлөт. Ошол коздеги кыргыздан чыгышкан, ордодогу таасирдүү инсандар Алымбек датка 1862-жылы, Алымкул аталык 1865-жылы өлөт.

Нүзүп өлтүрүлгөндөн кийин, 1845-жылы Мусулманкул аталык болуп, Шералы хандын уулу 14 жашар Кудаярды такка апкелген. Ага кызын берет. Кудаяр үч жолу хан болгон. Тилекке каршы, ордодо чагымчылар өтө көп болгондуктан, алар күйөө баласын кайнатасына каршы тукурушкан. Акыры Мусулманкул ордо менен араздашып, Кудаяр хан экөөнүн ортосу сууйт.

## ЭЛИНЕ КАЙТАРГАН АРГАСЫЗДЫК

Нүзүпкө окшогон көк жал үзөңгүлөшүнөн айрылып, иниси Мусулманкулдан оомат кайткан соң, Эсен Нияз (Сарымсак) уулу да эл-журтуна кайтуу чечимин кабыл алат. Өзү жалгыз келбей, Мусулманкулду да Таласка ала

келип, сый-урмат көрсөтүп, үй көтөрүп берет. Келдей элине: "Мусулманкул биздин бир боорубуз. Уруусу кыпчак болгону менен, бизге бир жагынан жээн, экинчи жагынан күйөө бала. Эр жигиттин башына эмнелер келбейт. Айдын жарымы жарык, жарымы караңгы. Ошол ай караңгы күндөрдө элибиздин эр-азаматтарын сыйлап алганга эмне жетсин",– деп кайрылат. Ошентип Мусулманкул Таласты жердеп жашап калат.

Бирок, арадан бир жыл өтпөй: "Менин элимди кырып жатса, кара башымды калкалап жатып алганым жарабайт. Мен өлсөм бир кишимин", – деген Мусулманкул кайра Коконго жөнөмөк болот. Далай-далай кан төгүлгөн кыргынды бир көрүп, ачуу-таттууну тең бөлүшкөн курбалдашын жалгыз жибербей, "Кокус өлсөк, бир чуңкурда бололу", – деп Эсен Сарымсак уулу аны коштоп барат. Ошондо ал алтымыштан өтүп калган экен.

"Барганда хан айла-амал менен Мусулманкулду карматып, колун сындырат, бутун сындырат. Аягында ордочулар даргага асышат.

А Эсен Сарымсак уулу Таласка кайткан жолдо, тоо таянып качышкан Мусулманкулдун баласы менен аялын таап, өз айылына ала келет" (санжырачы Кабылбек Казыбай уулунун жогоруда аталган макаласы).

Эсен Нияз уулунун Мусулманкулдун үй-бүлөсүн ажалдан арачалап алып кетүүсү эрдикке тете болгон. Эгер кокус, бул билинип калса, хан ордо анын деле түбүнө жетмек. Ал мындай эрдикке Мусулманкул менен касам ичишкен дос болгону, баланын энеси келдей уруусунун кызы экени да себеп болсо керек.

Хандын башын хан жуткан заманда сөөк өчтүлүк, кек куу кадимки көрүнүш болгон. Эсен Нияз (Сарымсак) уулу Мусулманкулдун туягын гана эмес, Кулан кыпчактын Молдо баласы тукумунун өлгөндөн калган качып-бозгон өкүлдөрү менен чогуу жашаган Тору тукумун да из жашыртып, оболу Чүйгө, андан ары бир тобун Таласка ала кетет. Азыр Чүй боорундагы толуу айылдарда ошондо келгендердин тукумдары жашашат. Эсен Нияз (Сарымсак) уулу менен кеткендери Таластын Көк-Кашат айылында.

Айрым бир маалыматтарга караганда, Кокондон ээрчите келген Мусулманкулдун жогоруда айтылган баласын Эсен Тоялы деп багып өстүргөнү, кийин ал эр жетип, старчын болуп шайлангандыгы тууралуу архивдик материалдар бар экени айтылып жүрөт (Ташкенде 1911-жылы жарык көргөн Сыр-Дарыя облусунун Олуя-Ата уездинин материалдарында таблицанын 2-бөлүгүнүн 182-бетинде Кең-Кол болуштугунун административдик айылында 9-номерде Саруу уруусунун Келдей уругунун чарбалык айылынын аксакалы (ыстарчыны) Тоялы Эсен экени көрүнүп турат).

Арийне, ушул алакандай маалыматтан улам андагы Эсен Тоялы Мусулманкулдун урпагы деп айтуу кыйын. Андан калса, Эсен Тоялы тууралуу кеңири маалымат жок жана андан аркы тагдыры да белгисиз. Саруу уруусунун санжырасында да Эсен Тоялы тууралуу жарытылуу маалыматтар айтылбайт.

Канткенде да Эсен Тоялы кайрадан Коконго же Анжыянга кеткенби, аны архивдик материалдардын негизинде тактоо зарыл. Бул боюнча документтер белгисиз. Болгону Кабылбек санжырачынын вариантындагы Келдейлердин санжырасына кайрылсак, Мусулманкул аталык өлүм жазасына тартылгандан кийин, анын келдей уруусунан болгон энеси жана тоолорго качып кеткен кыпчактардын тобу менен бирге жашы жете элек уулу Эсен Нияз (Сарымсак) тарабынан Чүй өрөөнүнө, азыркы Ысык-Ата районуна алып келинген.

Эсен Нияз уулу кыпчак уруусунун Тору тукумун ошол жерлерге калтырып, Кулан-кыпчак уруусунан тараган Молдо баласынын тукуму жана Мусулманкулдун тестиер уулу менен Таласка кайткан. Молдо баласы тукумунан бул топ өздөрүн Аксыдан келгенбиз дешип, улгайган курагында үйлөнгөн молдодон тараганын, ошондуктан аларды Молдобаласы аталып калышканын айтышат. Бүгүнкү күндө алар 60 үй-бүлө.

Ошентип, Эсен Нияз уулу Молдобаласы кыпчактар тукумун жыйнап, жетим баланы асырап алган. Ал баланын чыныгы тегин бир билсе Эсен Нияз (Сарымсак) гана билгендир...

"Эсен акеден Байгабыл. Болжол менен Байгабыл 1830-жылы туулган. Андан Жээналы чоң ата 1860-жылы тулган. Жээналыдан беш бала: Мамыралы 1890-жылы, Айталы 1905-жылы, Жумалы 1912-жылы, Жекшеналы 1916-жылы, Жуманалы (Бечел) 1920-жылы туулган. Чоң атабыз Жээналы 1940-41-жылдары кайтыш болгон. Жээналы чоң атабыз Калбанын суусунун жээгине тегирмен салып, элге суу сүрүп берип, элди ун менен камсыз кылып, көп жардам берчү экен. Жээналы чоң атабыздын тегирменчилиги тууралуу Токтогул Сатылгановдун мурдагы китептеринде эскерилип, Жээналы тегирменчинин үйүнө келип ырдаганы тууралуу айтылат" (санжырачы Кабылбек Казыбай уулунун жогоруда аталган макаласы).

Жээналыдан – Улукбек. Ал советтик-чарбалык иштерде уюштуруучулук жана жетекчилик ишмердиги менен көзгө көрүнүп, Кыргыз ССР Агроөнөржайкомплексинин төрагасынын орун басарлыгына (министрлик рангага тең кызмат) чейин жеткен. Учурда АКШда бир уулу менен жашап жатат.

## «СЫНГАН КЫЛЫЧТА» АЙТЫЛБАЙ КАЛГАН ӨКҮТ

Өз мезгилинде тарых жаратып, тарых чакырыктарына жооп кылып, ордо тагдырын чечип, ордодо таасирлүү болгон тарыхый инсандардын бири Эсен Нияз (Сарымсак) уулу өз учурунда иликтенбей калганы өтөө күнүчтүү. "Шералыны хан көтөрүүдө Эсен акенин орду өзгөчө. Болгону ал тууралуу эмнегедир "Сынган кылычта" айтылган эмес. Бул боюнча Эсен баатырдын жетинчи урпагы Чолпон Жээналы жазуучу Төлөгөн Касымбековдун өзүнө жолугуп: "Эмне үчүн Эсен акени өз романыңызга киргизбей койгонсуз?"-деп сураганда, ал: "Эсен Сарымсак уулунун Кокон ордосуна Шералыны хан көтөрүүдөгү эрдиги айтса, түгөнгүс. Бирок, көркөм чыгармага ал окуяга катышкан каармандардын баарын эле киргизе албайт экенсиң", – деп айткан экен" (санжырачы Кабылбек Казыбай уулунун жогоруда аталган макаласы).

"Эч болбосо кеч болгону жакшы" дегендей, Эсен баатырдын жетинчи урпагы Чолпон Жээналы учурда Эсен Сарымсак уулунун сары изине чөп салып, болгон маалыматтарды мыскалдап чогултуп, топтоп келе жатат.

---

* «Эсен Сарымсак уулу», Кабылбек Казыбай уулу, санжырачы, «Кыргыз Туусу» гезити, 2022-ж. 22.10, №77 (24658)



**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ,**
*журналист*

# ИНДУСТРИАЛДЫКТАН РЕГЕНЕРАТИВДИК АЙЫЛ ЧАРБАГА ӨТҮҮ АРАКЕТИ

***Дүйнөдө глобалдык жылуулуктун таасирин басаңдатуу үчүн аткаруу талап кылынган милдеттердин бири – айыл чарбасын индустриалдыктан регенеративдик багытка көчүрүү.***

***2050-жылга карата ишке ашуусу керек деп эсептелген бул айыл чарба багытынын глобалдык мааниси биринчи кезекте тармактын негизги оюнчуларынан, жери көп ири өлкөлөрдөн көз каранды.***

***Дүйнөнүн эң ири айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн бири – Бразилияга сапарыбызда регенеративдик багытка көчүүнүн айрым мисалдарына күбө болдук.***

Регенеративдик айыл чарба – топурактын саламаттыгын жакшыртуу, экосистеманын туруктуулугун арттыруу, таза жана пайдалуу азык өндүрүү, ошондой эле биокөптүрдүүлүктү калыбына келтирүү жана сактоо аркылуу жерди башкаруунун комплекстүү ыкмасы.

Туруктуу Айыл Чарба Демилгеси Платформасы (Sustainable Agriculture Initiative Platform – SAI Platform) деген жана 190дон ашык ири компаниялар менен уюмдар кирген глобалдык кызматташтык тармагы «регенеративдик айыл чарба – натыйжага негизделген дыйканчылык ыкмасы, ал топурактын саламаттыгын, биологиялык ар түрдүүлүктү, климатты, суу ресурстарын коргоп жана жакшыртып, ошол эле учурда дыйкан чарбаларынын бизнес катары өнүгүшүн колдойт» деген аныктаманы иштеп чыккан.

SAI платформасына мүчө жана глобалдык ири агротехнология компанияларынын бири – Syngenta Group регенеративдик айыл чарбанын практикалык беш негизги принцибин аныктаган.

Алар: топурактын бузулушун минималдаштыруу, жерди айдабай же аз айдоо ыкмаларын колдонуу; топурактын эрозиясын алдын алуу үчүн кыртышты жыл бою өсүмдүк менен каптоо, жерди жабуучу өсүмдүктөрдү өстүрүү; өсүмдүктөрдү диверсификациялоодо убакыт жана мейкиндик жагынан туруктуулукту сактоо, которуштуруп себүү, биокөптүрдүүлүк тилкелерин жана агротокойчулукту колдонуу;



химиялык каражаттарды кыскартуу, так дыйканчылыкты (precision agriculture) колдонуу жана кыртышты биологиялык каражаттар менен толуктоо; мүмкүн болгон учурда мал чарбачылыгын дыйканчылыкка интеграциялоо, мал чарбачылыгы топурактын саламаттыгын жакшыртуу үчүн пайдалуу экенин эске алуу жана малды башкарылуучу жайыттарда багуу.

Syngenta Group регенеративдик айыл чарба жана органикалык айыл чарба да жер иштетүүнү туруктуу жол менен жүргүзүү боюнча орток максатты көздөгөнү менен алар бири-биринен айырмалана турганын эске салат.

Мисалы, органикалык айыл чарбада дыйканчылык катаал талаптар, так эрежелерге ылайык жүргүзүлүп, өсүмдүктөрдү өстүрүүдө химиялык каражаттарды жана генетикалык жактан модификацияланган үрөндү, урукту колдонууга жол берилбеши керек.

Ал эми регенеративдик айыл чарбасы өсүмдүктү комплекстүү ыкмада өстүрүүнү карайт жана органикалык дыйканчылыктан айырмаланып, анда химиялык каражаттарды, анын ичинде өсүмдүктү коргоочу продуктыларды пайдаланууга болот.

Дүйнөдө булганыч же парник газдардын (негизинен көмүр кычкыл газы—$CO_2$) бөлүнүү көлөмүнүн үчтөн бир үлүшү глобалдык азык-түлүк системасына тиешелүү, ал эми 22% айыл чарбадан, токой чарбадан жана башка жер пайдалануудан чыгат деп эсептелген.

Регенеративдик айыл чарбанын глобалдык жылуулукту басандатуу кубатына келгенде, Syngenta Group компаниясы айыл чарба практикасын өзгөртүүлөр, дүйнө жүзүндө жыл сайын дээрлик бир миллиард тонна көмүртек диоксидди топуракта топтоп калууга мүмкүнчүлүк берет, масштабдуу регенеративдик айыл чарба практикалары кийинки 25 жылда адам ишмердигинен улам жаралган бардык көмүртектин 10% топуракка сиңире алат деп болжолдойт.

Индустриалдык айыл чарба дүйнөнүн 8 миллиардга чейинки калкын бага алды, бирок айдоо аянттары, жайыттар деградацияланды.

Эми аба ырайында экстремалдык өзгөрүүлөр күчөп, суу тартыштыгы сезилип, жаңы зыянкечтер чыгып жаткан шартта регенеративдик айыл чарба 2050-жылы саны 10 миллиардга жакындай турган дүйнө калкын азыктандыра алабы деген суроолор да жок эмес.

БУУнун айыл чарба жана азык-түлүк уюму – FAОнун статистикасына ылайык, планетада 13 миллиард гектар жер бар, алардын ичинен болгону 36%, же 4,8 миллиард гектары, айыл чарба үчүн ылайыктуу деп эсептелет. Бул 4,8 миллиард гектар айдоо жерлеринин 1,6 миллиард гектары гана айыл чарба продукциясын өстүрүүгө колдонулса, калган 3,2 миллиард гектары чөптүү жайыттар жана мал чарбачылыгы үчүн.

Калган 8,2 миллиард гектар жердин 4,1 миллиард гектарын, же 31%, токойлор ээлейт, дагы 4,1 миллиард гектары – чөлдөр, мөңгүлүү тоолор жана адам жашоосу үчүн ылайыкталбаган аймактар. Андан тышкары, жалпы жердин 3%, же 427 миллион гектары, ички сууларга, дарыяларга жана көлдөргө туура келет.

2050-жылга карата дүйнөнүн айыл чарба аянтынын көлөмү жаңы жерлерди өздөштүрүүнүн эсебинен 5,2 миллиард гектарга чейин чыгышы мүмкүн.

Roland Berger глобалдык консалтинг компаниясынын эсебинде, регенеративдик айыл чарбасы «өнүгүүнүн али алгачкы баскычында турат» жана 2025-жылга карата дүйнөнүн айыл чарба жеринин болгону 1,5% бөлүгүндө гана колдонулду.

## БРАЗИЛИЯНЫН РЕГЕНЕРАТИВДИК АЙЫЛ ЧАРБА МИСАЛЫ

2025-жылы негизделген Кыргыз айыл чарба, илим жана экология журналисттеринин ассоциациясы – КАИЭЖАнын атынан Бразилияга жергиликтүү Rede Agrojor ассоциациясынын чакыруусу жана уюштуруусу менен быйыл март айында, аларда жай мезгили бүтүп жаткан кезде бардык.

Эки ассоциацияны Айыл чарба журналисттеринин эл аралык федерациясы - IFAJ кызматташтырууда. КАИЭЖА IFAJга Борбор Азия аймагынан алгач-



ки ассоциация катары былтыр мүчө болгон.

Чоң жыйырманын бири (G20), дүйнөнүн төртүнчү ири айыл чарба өндүрүүчүсү, жалпы ИДПсы 2,2 триллион, айыл чарба ИДПсы 590 миллиард, айыл чарба экспорту 170 миллиард келген Бразилиянын агроөндүрүшү, агроилими жана агротехнологиясы менен Сан-Паулу штатынын мисалында тааныштык. Өлкөнүн 213 миллион калкынын 44 миллиону ушул штатта турат.

Жалпысынан 350 миллион гектардан ашуун айыл чарба жери бар Бразилияда да бери дегенде 100 миллион гектар жер, көбүнесе жайыт аянттары деградацияланган деп эсептелет.

Айыл чарба аянтынын 48% га жакынын кеминде 1000 гектар же андан көп жерге ээлик кылган ири фермердик чарбалар менен компаниялар иштетет.

Алар айыл чарба тармагында иш алып баргандардын 1% ын гана түзөт.

Айыл чарба аянтынын 52% га жакыны 10 гектар же андан аз өлчөмдө жер иштеткен фермерлерге таандык.

Айыл чарба жана мал чарба министрлигинин эсебинде, жалпысынан өлкөнүн 213 миллион калкынын 28 миллионунун турмуш-тиричилиги ушул тармак менен байланышкан.

Бразилиянын айыл чарба өндүрүшүндөгү абал буудайдын, канттын, соя буурчагынын, уй жана канаттуу этинин, кофенин эл аралык бааларынын өзгөрүшүнө таасир берип турат.

Жер шарты, анын ичинде айыл чарбасы тропикалык мүнөзгө ээ болгондуктан өлкөдө фермерлерди жер пайдаланууда регенеративдик айыл чарбанын бир принцибин - биологиялык коридор катары агротокойду же жергиликтүү өсүмдүк тилкелерин сактоого милдеттендирген эрежелер өткөн кылымдын орто ченинен тарта эле бар экен.

Атап айтканда, Бразилиянын экологиялык мыйзамдарына ылайык, айыл чарба жер ээлери аянтынын бир бөлүгүн табигый өсүмдүктөр үчүн резерв катары сакташы керек.

Сан-Паулу штатында бул үлүш 20% ды түзсө, кээ бир штаттарда 35%, ал эми глобалдык климатты муздатууда маанилүү роль ойногон Амазон токойлоруна жакын аймактарда жердин мындай үлүшү 50% – 80% га чейин жетет.

Өзү Бразилияда дээрлик 498 миллион гектар токой бар же токой өлкө аймагынын 58% каптап турат.

Айыл чарба аянттарынын кеминде 20% иштетпей резерв катары сактап туруудагы максат – топуракты жана сууну, анын ичинде дарыяларды, булактарды жана жер астындагы сууларды, биокөптүрдүүлүктү коргоо.

Жергиликтүү адистердин айтымында, бул ыкма узак мөөнөттүү айыл чарба өндүрүмдүүлүгүнө түздөн-түз пайда алып келет. Табигый өсүмдүктөрдү сактоо жердин бузулушун алдын алып, келечек муундар үчүн да айыл чарбанын туруктуу болушун камсыздайт.

Германиянын Bayer агрохимия жана биотехнология компаниясынын регенеративдик айыл чарба тажрыйбаларын өркүндөтүү жана жайылтуу боюнча Bayer Forward Farming Network түйүнүнө Бразилиядан кирген, Сан-Паулу штатынын Пирасунунга шаарчасына жакын жайгашкан Fazenda Estancia фермердик чарбасына барганыбызда анын жетекчиси Алин Вик (Aline Vick) айым климаттагы өзгөрүүлөргө карабай, регенеративдик айыл чарба ыкмаларына көчкөндөн кийинки үч жылда түшүмдүүлүктү 25% га көбөйтө алганын белгиледи.

Жалпы 1100 гектар жери бар, анын 200 гектарын табигый резерв катары сактаган чарбада соя бурчагы, кант камышы, жүгөрү өстүрүлөт.

# ФОТОНИКАНЫ ЖАНА ӨЗӨКТҮК МАГНИТТИК РЕЗОНАНСТЫ (NMR) КОЛДОНУУ

Регенеративдик айыл чарбанын дагы бир принцибин – так дыйканчылык практикаларын (precision agriculture) колдонуу үстүндө Бразилиянын Embrapa – айыл чарба илим-изилдөө корпорациясы, Илим, технология жана инновация министрлигинин Фотондук лабораториялар боюнча улуттук системасына кирген LANAF – улуттук агрофотоника лабораториясы иштеп жатыптыр.

Биз аталган корпорациянын Сан-Паулу штатынын Сан-Карлос муниципалитетинде жайгашкан «Embrapa Instrumentation» бөлүмүндөгү лабораториялар тутуму менен тааныштык.

Фотоника илими айыл чарбада топурактын азыктык курамын аныктоо, өсүмдүктөрдүн абалына мониторинг жасоо (стресс, оорулар, жетишсиздиктер), үрөн менен азык-түлүктүн сапатын көзөмөлдөө жана туруктуулук боюнча изилдөөлөр үчүн колдонулат.

Жергиликтүү изилдөөчүлөр билдиришкендей, агрофотоника лабораториясынын максаты – айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана айлана-чөйрө үчүн жарыкка негизделген технологияларды, мисалы, сенсорлорду, лазерлерди жана сүрөттөө ыкмаларын пайдаланып, айыл чарбанын натыйжалуулугун жана түшүмдүүлүгүн жакшыртуу.

Ал эми Өзөктүк магниттик резонанс (NMR) лабораториясы айыл чарбада үлгүлөрдү бузбай туруп, өсүмдүк, топурак жана азык-түлүк компоненттерин молекулалык деңгээлде анализдөөгө мүмкүндүк берет.

Лабораториянын өзөктүк магниттик резонанс спектрометри жабдуулары топурактын органикалык заттарын мүнөздөө, көмүртектин топтолушун (секвестрациясын) жана азык элементтеринин айлануусун изилдөө, топурактын бузулушун жана түшүмдүүлүгүн түшүнүү, өсүмдүктөрдүн метаболиттерин (канттар, аминокислоталар) талдоо, өсүмдүктөрдүн кургакчылыкка, туздуулукка жана зыянкечтерге болгон реакциясын изилдөө, биохимиялык белгилерди аныктоо аркылуу эгин селекциясын колдоо, дан жана үрөндөрдөгү майдын, белоктун жана нымдуулуктун көлөмүн өлчөө, пестициддердин жана жер семирткичтердин түзүлүшүн жана жүрүм-турумун изилдөө үчүн пайдаланылат.

Жергиликтүү баяндамаларда Embrapa корпорациясы негизделген 1973-жылдан бери Бразилия өз экологиялык шарттарына ылайык келген айыл чарба изилдөөлөрүнө инвестиция салуу аркылуу тармактын өндүрүмдүүлүгүн эки эседен ашуунга же 110%га жогорулата алды деп айтылат.

Учурда жалпысынан Бразилия боюнча бул мамлекеттик корпорациянын эле 43 бөлүмүндө 600дөй лаборатория айыл чарба өндүрүшүнүн ар кыл багыттарын камтыган илимий изилдөөлөрдү жүргүзөт экен.



**Улан ЭШМАТОВ,**
*журналист,*
*КАИЭЖАнын президенти*

ЗВЕЗДА СЦЕНЫ



# ВЕЛИКАЯ ПРИМА КЫРГЫЗСКОЙ ОПЕРЫ

Многие годы она представляла советское оперное искусство за рубежом. Ей рукоплескали миллионы зрителей мира – Китая, Германии, Венгрии, Японии, Польши, Сербии, Чехословакии, Турции, Дании, Румынии, Швейцарии, Швеции, Монголии и многих других стран. За пятидесятипятилетний творческий путь она объездила почти весь мир и все республики бывшего Советского Союза. Только на сцене Кыргызского национального академического театра оперы и балета имени Абдыласа Малдыбаева она исполнила более пятидесяти главных оперных партий.

Все это о великой приме кыргызского оперного искусства Кайыргул Сартбаевой, Народной артистке СССР, академике Международной академии творчества, профессоре Кыргызской Национальной консерватории имени К. Молдобасанова, кавалере орденов «Манас» II и III степеней.

Более 600 записей оперных арий, романсов и песен в исполнении Кайыргуль Сартбаевой вошли в Золотой фонд вокального искусства нашей страны.

Более 50 премьер довелось спеть Кайыргуль Сартбаевой на сцене Кыргызского театра оперы и балета и тысячи концертов во всех регионах Кыргызстана, в Колонном зале Дома Союзов, концертном зале «Россия», в Московской государственной консерватории им. П.И. Чайковского, Домском соборе в городе Рига и во многих странах мира.

Первая крупная работа, подготовленная молодой певицей в Московской государственной консерватории им. П. И. Чайковского под руководством профессора В. Рождественской – партия Татьяны в опере «Евгений Онегин». Дипломный спектакль поставлен в оперной студии при консерватории художественным руководителем, которым был выдающийся тенор, народный артист СССР профессор С. Лемешев.

Кайыргуль Сартбаева в 1976 году на международном конкурсе в Токио – столице Японии – была названа одной из самых ярких исполнительниц партии мадам Баттерфляй в опере Дж. Пуччини «Чио-Чио-Сан» во всем мире. Ей вручили специальный приз. Критики того времени писали, что молодой певице из Советского Союза удалось воплотить в этом образе свое понимание характера, который пытались «разгадать» выдающиеся сопрано всего мира.















## СОЛОВЕЙ ИЗ КЫРГЫЗСКОГО СЕЛА

Творческий путь молодой одаренной девушки из села Кара-Булак Кеминского района начался еще в первой половине прошлого века. Она рано потеряла родителей, все ее детство прошло в интернате. Трудности судьбы, видимо, закалили её характер. Обладая удивительным голосом, она твердо решила петь, развивать свое дарование и посвятить свою жизнь труднейшему искусству вокала. Кайыргуль поступила в знаменитую и прославленную Московскую консерваторию имени Петра Чайковского. Это был осознанный и решительный шаг молодой девушки из далекого кыргызского села.

После окончания консерватории по классу известного педагога В. Рождественской она стала ведущей солисткой Кыргызского театра оперы и балета имени Абдыласа Малдыбаева. Здесь она пела оперные партии народные песни, романсы.

Молодое дарование вскоре пригласили на стажировку в Москву – в Большой театр СССР. Здесь проходили незабываемые встречи с певцами и певицами мировой величины, подлинными грандами вокала – Еленой Образцовой, Ириной Архиповой, Сергеем Лемешевым, Иваном Козловским. Именно здесь оттачивались ее мастерство и талант.

После четырехлетней стажировки в Большом театре творческая жизнь певицы продолжилась в родных стенах Кыргызского театра оперы и балета в ведущих партиях знаменитых классических опер. Кайыргуль Сартбаева блистала ярким исполнением песен и романсов русских и зарубежных авторов, а также произведениями кыргызских композиторов – М. Абдраева, Т. Эрматова, К. Молдобосанова, Н. Давлесова и других.

## ПУТЬ ПЕДАГОГА

Многие годы Кайыргуль Сартбаева посвятила воспитанию молодого поколения. Работала ректором в Кыргызском государственном институте искусств имени Б.Бейшеналиевой. Затем преподавала на кафедре сольного пения Кыргызской национальной консерватории имени Калыя Молдобасанова. Как профессор, замечательный педагог и внимательный наставник воспитала 12 дипломантов международных конкурсов.

Для молодых дарований, желающих выступать на сцене и покорять сердца любителей искусства, она написала прекрасную книгу «Искусство вокала».





## НАДЕЖНЫЙ ТЫЛ

Кайыргуль Сартбаева была замужем за Кубанычбеком Арзиевым – режиссером и заслуженным деятелем культуры Кыргызской ССР. Творческая чета воспитала двух достойных детей. Дочь Айгуль – кандидат экономических наук. Сын Искендер – заслуженный артист Кыргызстана, художественный руководитель и главный режиссер Кыргызского национального академического театра оперы и балета имени Абдыласа Малдыбаева.



## *ПОЗДРАВЛЯЕМ!*

***В этом году юбилей выдающейся примы кыргызской оперы – звезде сцены исполнится 80 лет.***

***Наш журнал «Вектор власти» искренне поздравляет Кайыргуль САРТБАЕВУ с юбилеем. Желает крепкого здоровья и долгих лет жизни! Вы внесли достойный вклад в развитие оперного искусства в Кыргызстане.***

***Мы гордимся Вами!***

# ПАЛЕСТИНА КРИЗИСИ

## *Тарых, геосаясат жана глобалдык кесепеттер*




Учурда Палестинадагы кырдаал Жакынкы Чыгыштагы эң оор жана эң узакка созулган кризистердин бири бойдон калууда. Жаңжал жөн гана аймактык чыр-чатак эмес, гуманитардык, геосаясий жана диний факторлор бири-бири менен тыгыз байланышкан көп катмарлуу көрүнүш болуп эсептелет. Андыктан Палестина маселесин түшүнүү үчүн аны тарыхый жана регионалдык контекстте кароо зарыл.

Палестинадагы окуялардын тарыхый тамыры XX кылымдын ортосуна барып такалат. 1948-жылы Израиль мамлекети түзүлгөндөн кийин биринчи араб-израиль согушу башталып, жүз миңдеген палестиналыктар өз жерлерин таштап кетүүгө аргасыз болгон. Бул окуя палестин элинин тарыхында «Накба» деп аталган чоң трагедия катары белгилүү. Кийинки он жылдыктарда жаңжал терендей берген. 1956-жылдагы Суэц кризиси жана 1967-жылдагы алты күндүк согуш региондогу күч балансын өзгөртүп, Израиль Батыш жээкти, Чыгыш Иерусалимди жана Газа секторун көзөмөлүнө алган. Дал ушул учурдан тартып Палестина аймактарынын азыркы саясий макамы калыптана баштаган.

1987-жылы палестиналыктардын биринчи массалык каршылык кыймылы башталып, Израилдин көзөмөлүндөгү аймактарда элдик наразылык күч алды. 2000-жылы дагы бир ири каршылык толкуну болуп, жаңжал дагы курч мүнөзгө өттү. 1990-жылдары Осло келишимдери аркылуу тынчтык процесси башталганына карабастан, Палестина мамлекетин түзүү маселеси бүгүнкү күнгө чейин чечиле элек. Жалпысынан чыр-чатак 75 жылдан ашуун убакыттан бери уланып келет.

Ушул тарыхый кырдаалдын натыйжасында, бүгүн, айрыкча Газа секторунда гуманитардык кырдаал өтө оор абалга жетти. БУУнун гуманитардык маселелерди координациялоо боюнча агенттиги маалымдагандай, 1,9 миллионго жакын адам ички жер которууга

дуушар болгон. Бул аймактын калкынын дээрлик 80-90% на туура келет. Жарандык инфраструктуранын чоң бөлүгү талкаланып, саламаттык сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүү системалары олуттуу кризиске учураган. Эл аралык уюмдардын маалыматына ылайык, акыркы куралдуу кагылышууларда он миңдеген адамдар каза болгон, алардын басымдуу бөлүгүн жарандар түзгөн.

Гуманитардык кризис өтө кыйын экономикалык абал менен коштолууда. Бүткүл дүйнөлүк банктын баалоосуна ылайык, Газа секторунда ички дүң өндүрүм болжол менен 83% га кыскарган, ал эми Батыш жээкте экономика 17% га төмөндөгөн. Натыйжада жумушсуздук өсүп, калктын негизги бөлүгү тышкы жардамга көз каранды болуп калды.Өз кезегинде аталган көрүнүш социалдык туруктуулукка да таасир этүүдө.

Чыр-чатактын келип чыгышында диний фактор да өзгөчө мааниге ээ. Мында Иерусалимдин абалы эң талаштуу маселелердин бири болуп саналат. Эл аралык укукка ылайык анын чыгыш бөлүгү Палестинанын аймагы катары каралса дагы, учурда шаар толугу менен Израилдин көзөмөлүндө турат. Андыктан Иерусалимдин макамы бүгүнкү күнгө чейин чечилбей, талаштуу бойдон калууда. Дал ушул жагдай жаңжалды жөн гана саясий маселе эмес, кеңири цивилизациялык деңгээлдеги каршылыкка айлантат.

Алсак, ислам салтында Иерусалим өзгөчө орунду ээлейт. Мусулмандардын ишенимине ылайык, Пайгамбарыбыз Мухаммад (САВ) Меккеден Аль-Аксага түнкү сапар жасап (Исра), ошол жерден асманга көтөрүлгөн (Мирадж) деп айтылат. Аль-Акса мусулмандар үчүн Меккедеги Аль-Харам мечитинен жана Мединадагы Пайгамбар мечитинен кийинки үчүнчү ыйык жай болуп эсептелет. Шаар ислам тарыхында алгачкы кыбыла катары да белгилүү.

Иудаизмде Иерусалим байыркы еврей мамлекетинин руханий жана тарыхый борбору болуп саналат деп айтылат. Батыш дубалы жөөттөрдүн негизги ыйык жайларынын бири катары кабыл алынат жана алардын диний жашоосунда маанилүү орунду ээлейт.

Христиан салтында болсо Иерусалим Иса пайгамбардын жашоосу, айкаш жыгачка кадалган окуясы жана кайра тирилүүсү менен байланышкан мейкиндик катары каралат. Бул жерде христиандар үчүн негизги ишеним жайы болгон Ыйык Мүрзө чиркөөсү жайгашкан.

Ушундай тарыхый жана диний маанинин айкалышы Иерусалимди жөн гана географиялык аймак эмес, символдук жана өздүк аң-сезимди аныктаган борборго айлантат. Дал ушул жагдай жаңжалды татаалдаштырып, аны саясий компромисс аркылуу чечүүгө тоскоолдук кылып келүүдө.

Ага катар диний фактор менен катар геосаясий бөлүнүүлөр да жаңжалды татаалдаштырат. Алсак, мусулман дүйнөсүндө Палестина маселеси боюнча бирдиктүү позициясы жок. Анткени ар бир мамлекет өзүнүн улуттук кызыкчылыктарын биринчи орунга коюп келет. Мындан тышкары, суннит жана шиит дүйнөсүнүн ортосундагы айырмачылык айрым учурларда геосаясий атаандаштык менен айкалышып кетүүдө.

Алсак, Жакынкы Чыгыштагы күчтөрдүн балансы бир нече борбордон турат. Иранга жакын күчтөрдөн турган "каршылык огу" Израиль жана Батыштын таасирине каршы аракет кылат. Ал эми Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмираттары жана Египет сыяктуу мамлекеттер туруктуулук жана экономикалык коопсуздук маселелерин артыкчылык катары карашат. Түркия аймактагы активдүү геосаясий актор катары ролун күчөтүп, Катар дипломатиялык сүйлөшүүлөрдө ортомчулук функциясын аткарууда. Ушундай көп векторлуу түзүлүш бир-

диктүү чечим кабыл алууга тоскоолдук жаратат.

Акыркы мезгилде Ирандын айланасында күчөгөн аскердик чыңалуу Палестинадагы кырдаалга да таасирин тийгизүүдө. Алсак, Израиль жана АКШ тарабынан Иран аймагына жасалган аба соккулары, мамлекеттин жана аскердик жетекчиликтеги жогорку кызмат адамдарынын жок кылынышы, Иран тарабынан жооп иретинде аскердик аракеттердин жүргүзүлүшү орун алууда. Бул окуялар региондогу коопсуздуктун начарлап жатканын көрсөтүп, жаңжалдын кеңейүү коркунучун жогорулатууда.

Бул процесстер Борбор Азияга түздөн-түз согуштук коркунуч жаратпаганы менен, бир нече багыт аркылуу таасир этүүсү ыктымал. Биринчиден, Жакынкы Чыгыштагы чыңалуу энергетикалык рынокто мунай жана газдын бааларынын өсүшүнө алып келип, импортко көз каранды экономикаларга басым жасайт. Экинчиден, коопсуздук чөйрөсүндө аймактагы туруксуз абал диний радикалдуу кыймылдардын идеологиялык таасирин күчөтүшү мүмкүн. Үчүнчүдөн, Иран Евразиядагы маанилүү оюнчулардын бири катары геосаясий абалга дагы таасир этиши мүмкүн. Төртүнчүдөн, Иран Борбор Азияны Перс булуңу жана Индия океаны менен байланыштырган негизги транзиттик өлкө болгондуктан транспорт жана логистика багытында көйгөйлөр жаралат.

Жогорудагы факторлор Кыргызстан үчүн да маанилүү. Айрыкча мунайга болгон баанын өсүшү ички рыноктогу абалга жана инфляцияга түз таасир этет. Ал эми регионалдык туруксуздук коопсуздук жана идеологиялык тобокелдиктерди күчөтүшү толук ыктымал.

1995-жылдан тарта Кыргызстан Палестина мамлекетин таанып, ошол эле жылы дипломатиялык мамилелерди түзгөндөн баштап бул маселеде өз позициясын байма-бай билдирип келет.

Жыйынтыктап айтканда, Палестина маселеси жөн гана аймактык чыр-чатак эмес, геосаясий атаандаштык, диний фактор жана глобалдык саясат менен тыгыз байланышкан системалуу кризис болуп саналат. Акыркы окуялар көрсөткөндөй, бул жаңжалды аскердик жол менен чечүү мүмкүн эмес. Анткени күч колдонуу убактылуу артыкчылык бергени менен узак мөөнөттүү туруктуулукту камсыздай албайт.

Негизги чечим жолу дипломатиялык сүйлөшүүлөрдү жандандыруу жана саясий диалогду күчөтүү болуп саналат. Эгер комплекстүү чечим табылбаса, Палестинадагы кырдаал Жакынкы Чыгыштагы туруктуу чыңалуунун булагы бойдон калып, кесепети дүйнөлүк коопсуздукка таасирин уланта берет.



**Канатбек МУРЗАХАЛИЛОВ,**
*тарых илимдеринин кандидаты,*
«Гуров жана өнөктөштөр - Борбор Азия»
коммуникациялык тобунун
башкаруучу өнөктөшү

**В этом номере использованы фотографии Алимжана Жоробаева, Султана Досалиева и из открытых источников Интернета.**



# Бузурманкул МЫРЗАЛИЕВ

*Художник-живописец,*
*член Союза художников Кыргызстана,*
*основатель федерации восточных единоборств в КР по Кунг-Фу Нят-Нам цыгун.*
*Почетный член союза творческих людей КНР.*



**«Маки на поле»,**
*х/м, 70х128см, 2024*



**«Золотой гранат»,**
*х/м, 44х57см, 2019*



**«Моя палитра»,**
*х/м, 25х29см, 2024*



**«Сирень со скрипкой»,**
*х/м, 56х87см, 2025*